К.Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектеби 2020-2021-окуу жылы боюнча соцпедагог ишине анализ.

Соцпедагог бул баланын коомдогу ийгиликтүү адаптацияланышы үчүн шарттарды түтүүчү адис. Ал баланын өнүгүшү үчүн жагымдуу шарт түзөт, билим берүү мекемеси менен үй -бүлөнүн ортосунда байланышты, мамилени чыңдайт. Социалдык педагогдун иши ар тараптуу, өтө керектүү жана жоопкерчиликтүү. Окуучулардын окууга катышууларын текшерүү социалдык коргоого же жардамги муктаж, болбосо жүрүм-туруму шек жараткан окуучулардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык паспортун түзүү, класс жектекчилер менен жекече иш алып баруусуна көмөктөшүү, органдар менен өз ара байланышты камсыздоо окуучулардын жеке жөндөмдүүлүгүн арттыруу аларга психологиялык жардамдарды, колдоолорду көрсөтүү негизги иштин маңызын түзөт.

2020-2021-окуу жылынын сентябрь айында оқуучулардын социалдык абалы такталды. Класс жетекчилер тарабынан социалдык-педагогикалык карта түзүлүп иреттелди.

Мектеп боюнча бардыгы - 196 окуучу

томолой жетимдер – жок

жарым жетим - 8

окуучунун ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген – жок

Аз камсыз - 8

Көп балалуу үй-бүлөдө- 12

Мектепте техникалык коопсуздук, жол эрежелери, өрт коопсуздугу, дегеле балдардын өмүрүнө коркунуч алып келүүчү коопсуздук эрежелери боюнча класстык сааттар өтүлүп турат. 9-10-11 -класс арасында «Рекетчиликке жол жок», «Терроризмди жана диний экстремизмди болтурбайбыз» деген темаларда ата-энелери менен бирге чогулуш өтүлдү. Бул чогулушта ата- энелерден кылмыштуулук, рэкетчиликти болтурбоо тууралуу көп кеңеш угушту.

Октябрь айында мектепке келбей жаткан окуучулар менен иш жүргүздук. ИДН менен кошо сабакка тартылабаган окуучулар Сабырбеков Амангелди 11-класстын окуучусу жана Кенжебеков Нуртилектин ата-энелерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Окуучулар сабакка келишти.

Октябр айында жалпы ата-энелер чогулушу болуп, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча доклад өтүлдү, Ата энелерге окуучулардын тартиби, бири-бирине үстөмдүк кылуусу боюнча маалымат берилди, 8- 9-10-11 -класстардын окуучулары менен ИДН Аманов З. «Налог салуу, рэкетчилик, суицид» темасында сүйлөшүү жүргүздү. Бул тема бүгүнкү күндө өтө актуалдуу болгондуктан,окуучулар да өз ойлорун ортого салып, эч нерсени жашырбай, мындан ары көйгөйлөрүн ишеним кутучасына жазып турмай болушту, Ошону менен бирге «Терроризм, анын алдын алуу», «Диний экстремизм» боюнча да маалымат айтылды.

Октябрь айында кечки рейддер уюштурулду, Рейд маалында тартип бузуучулук, топтошуп чогулуп, дүкөндөрдө жүргөн окуучулар кездешкен жок.

Айылдык кеңештин төрагасы, Аксакалдар соту, Айыл өкмөтү, жаштар коомчулугу, окуучулар, ата-энелер менен бирдикте иш-чаралар болуп турат. Анда суицидди болтурбоо, зордук- зомбулукту токтотуу, кылмыштуулуктун алдын- алуу боюнча маселелер талкууга алынып турат, Окуучуларды чоң балдар күч колдонуу менен үйүнө алып барып иштетүүгө окшогон терс сапаттар болбойт. Бул боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча профилактикалык кеңеш түзүлдү. Профилактикалык кеңешмеге аталар, жаштар окуучулар да катталып, бир жылдык план түзүлдү.

Ноябрь айында «Бүткүл дүйнөлүк чылым чегүүдөн баш тартуу» боюнча лекция 8-9-10- 11 -класстын балдарына окулуп, чылымдын терс сапаттары тууралуу антемелешти. ИДН Аманов З. Д. 8.9.10-11-класстын эркек балдарына тартипти бузбоо, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча, суициддин алдын алуу боюнча лекция окуп, ангемелешти. Бул жолугушууда балдар арасындагы пикир келишпестиктер (Бекитай, Талды-Булак) болуп бөлүнүүгө жол бербөөгө карата аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү.

Айыл ичинде кары-картан, жалгыз жашаган жалгыз бой энелерге бөлүнгөн класстар жардам көрсөтүп, аларга өз учурунда көйгөйлөрүн угуп, мүмкүнчүлүгүнө жараша көмөк көрсөтүп турушат.

Ноябрь айында 1-1-класстар арасында класс жетекчилердин иш-аракеттери аркылуу дагы бир жолу «Бала укуктары тууралуу конвенвенция» менен тааныштыруу жүргүзүлдү. Ушул эле жерде «Кылмыш жана жаза кодексинен»

а) кылмыштын түрлөрү

б) жашы жетпегендерге кылмыш жаза жоопкерчилиги,

в) жашы жетпегендерге колдонулуучу жазанын түрлөрү туурасында 5-8-кл.

9-11-класстарында лекциялар окулду.

Декабрь айында окуучулардын сабакка катышуусу, күндөлүктөрү жана китеп каптары текшерүүгө алынды. Мектептин китепканачысы Пузулуева Патма текшерүүнүн жыйынтыктарын линейкада билдирип, класс жетекчилерге окуучулардын ата-энелерине жолугуп, кемчиликтерин толук түшүндүрүп кайра отчет берип тураарын эскертти.

1-декабрь-СПИДге каршы күрөшүү күнүнө карата АДК мүчөсү Шекенова Н.

«Жаштар уюмунун» жетекчиси Исраилов Э., класс жетекчилер, мектеп администрациясы болуп жогорку класстардын окуучуларына семинар өткөрүштү, Семинарда оорунун жугуу жолдору, андан сактануу, дарылоо тууралуу кенен маалымат алышты. Мындан сырткары мектептии фойесинде «Биз СПИДге каршыбыз деген темада дубал газеталардын көргөзмөсү уюштурулду.

Ошондой эле, аз камсыз үй-бүлөлөрдүн балдары менен иштөөнү жаңыртып, алардын үйлөрүнө рейд уюштурулду.

Жаңы жыл майрам күндөрү түңкү рейддер бат-баттан жүргүзүлө баштады, Атайын белгиленген график боюнча ИДН кызматкери айыл ичинде рейдге чыгышты, Кылмыштуулукка жол бербөөнүн эң негизги таянычы рейд болду. Түн ичинде окуучулар көп басышкан жок.

Каникул күндөрүндө окуучуларды көзөмөлдөө жагы класс кетекчилерге соцпедагог Ч.Ж.Бектурсуновага милдеттендирилди. Аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдардын абалы, жашоо шарты менен жакындан таанышып, ата-энеси менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп турду.

Бүгүнкү күндө мектеп өзгөчө көңүлдүү балдар жана өспүрүмдөр бош убактысынын көпчүлүк бөлүгүн кандай өткөрүп жаткандыгы туралуу ата-энелери менен бирдикте маалымат алып турушат. Мектепте окуучулур үчүн кызыктуруучу ийримдер иштейт М.: «Математика» алабий ийрими, «Жаш талант» ийрими, «Шамдагайлар» дене тарбия ийрими жана башка ийримдер бар, окуучулар менен иш алып барып турушат. Биздин коом азыркы кырдаал келечек муундун коомдук тарбиялануусунун жаңы үлгүсүн издөөнү талап кылууда. Ар бир окуучунун журум- турумуна байкоо жүргүзүп туруу керек. Начар окуган окуучуларды коомдук иштерге тартуу, балдарынын ийгиликтерин ата-энелерине жетикирип туруу. Окучуунун гигиеналык эрежелеринин сакталышына дайыма көзөмөлдүккө алып туруу керек. Эң негизгиси ар бир окуучунун психологиялык өзгөчөлүгүн билип, ошого жараш мамиле жасоо - негизги милдеттердин бири.

Январь айында ата-энелер менен бирдикте чогулуш өткөрүп, эки чейректин жыйынтыктары айтылды. ИДН Аманов З. ата-энелерге «Адам сатуунун азабы» деген темада маек куруп, өлкөдө болуп жаткан жаңылыктар менен тааныштырып, зыяндуу кесепеттерден алыс болууга чакырды.

Февраль айында аталар күнүн белгилөө, Мекенчил сабактарын жүргүзүү, ачык класстык саттарды өтүү. Ата-мекенди коргоо күнүнө карата иш-чаралар жүргүзүлдү. 9- 10-11- класстар арасында ата-энелер менен суициддин алдын алуу боюнча ИДН Аманов З. менен тегерек стол уюштурулду.

Март айында энелер күнү белигленди. Кыздар арасында «Кана, эмесе кыздар» аттуу конкурс уюшулду. Начар жетишкен окуучулардын энелерин чакырып, аларга жагымдуу маанай түзүү ирээтинде концерттик программа уюштуруп, анын катышуучулары начар окууган окуучулардан түзүлгөн. Бул уюштуруу иши эң жогорку деңгээлде өтүп, ата-энелер ыралзычылыгын билдирип, балдарын коомдук ишке тартуунун жакшы жактарын байкаганын айтышты.

Апрель айларында ИДН менен бирдикте начар жашаган, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө барып мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша жардам берип, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты. Анда көбүнчө ата-энелерге кырдаалга түшүнүү менен карап, санитардык - гигиеналык эрежелерди туура сактап, баласынын ден соолугуна көңүл буруу жагы айтылды.

Сабактан жетишпеген окуучулардын ата-энелери менен жолугушуулар өткөрүлүп предметтик мугалимдер тарабынан атайын дептерлер уюштурулуп,окуучулар менен жекече иштер болду.

Чейрек ичинде 7-11-класстагы окуучулар арасында чогулуш өтүлдү.Чогулуштун күн тартибиндеги негизги маселе :

I. Кылмыштуулукту алдын алуу.

2. Салык салуу жана кысым көрсөтүү боюнча кеңири талкуу жүрдү.Чогулуштун жыйынтыгында окуучулар арасында кылмыштуулукту болтурбоо боюнча алдын ала кандай иш-чараларды жүргүзүү керектиги түшүндүрүлдү.

Каникул учурунда окуучулардын үйлөрүнө рейддер жүрүзүлүп турду.

Сен жашоону кандай кабылдайсың?деген темада 9-11-класстардын окуучуларына анкета жүргүзүлдү.

Турмуш шарты оор,жардамга муктаж болгон балдарга администрациянын

айрым мүчөлөрү аркылуу жардам берилди.

Декабрь айында «Сен жакшы окуучусуңбу? деген темада

6-8-класстын окуучуларына анкета жүргүзүлдү.